# РАЗЪЯСНЕНИЯ ПО ПЕРЕХОДУ ШКОЛ НА ПЯТИДНЕВКУ

**10 января 2017 года Жогорку Кенеш Кыргызской Республики принял изменения в Закон «Об образовании», согласно которому (ст. 16.10) вводится норма пятидневной рабочей недели с учетом предельно допустимой учебной нагрузки.**

В соответствии с государственным образовательным стандартом среднего общего образования, предельная учебная нагрузка варьируется от 20 часов в начальной школе, до 26-32 часов в основной и старшей школе.

Еще в 2016 году Министерство образования и науки Кыргызской Республики внесло изменения в Государственный образовательный стандарт (постановлением Правительства от 15 ноября 2016 года № 590), введя норму пятидневной учебной недели для 1-4 классы, а также для основной и старшей школы, если недельная учебная нагрузка не превышает 30 часов в неделю. В случае превышения недельной учебной нагрузки в 30 часов общеобразовательная организация устанавливает 6-дневную учебную неделю.

Со второго полугодия 2016 года начался переход начальных классов и 5-8 классов на обучение по пятидневной учебной неделе. В ряде школ учащиеся 10-11 классов также учатся 5 дней.

Поскольку для 9 классов учебная нагрузка в Базисном учебном плане составляет 32 часа, 9-классники продолжают учиться в режиме 6-дневной недели. Также продолжают учиться гимназии и лицеи поскольку они имеют гимназический/лицейский компонент, что увеличивает количество часов обучения.

Внесение изменений в Закон «Об образовании» предоставляет нормативные основания для перехода к обучению по пятидневной учебной неделе всем школам Кыргызской Республики во всех классах, где учебная нагрузка не превышает 30 часов в неделю.

Поскольку изменение количества учебных дней не влияет на изменение общей учебной нагрузки, которая регламентируется Базисным учебным планом, на зарплате учителей эти нововведения никак не скажутся.

Также ученики будут продолжать заниматься по действующим стандартам и программам.

Другой вопрос, что в настоящее время Министерство образования и науки готовит перспективный Базисный учебный план, который должен оптимизировать нагрузку на учащихся. Он будет апробирован сначала в ряде школ Кыргызстана, и только после этого будет приниматься решение о введении его для всех школ страны.

При этом общее количество часов Базисного учебного плана сокращаться не будет. Речь идет об изменении содержания образования и структуры Базисного учебного плана, чтобы обеспечить соответствие нашего образования потребностям развития Кыргызстана. В новом плане будут учтены те приоритеты, которые являются главными в страновых стратегических документах.

В связи с приостановлением учебно-воспитательного процесса в январе 2018 года из-за аномально холодной погоды, для выполнения учебных программ, Министерство образования и науки Кыргызской Республике издало приказ № 152/1 от 8 февраля 2018г. «Об организации учебно-воспитательного процесса во II полугодии 2017-2018 учебного года в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики».

Согласно данному приказу, учащиеся, при пятидневном обучении – будут отдыхать на весенних каникулах с 21 по 30 марта. Восполнение пропущенных учебных часов будет организовано за счет обучения по субботам в течение марта месяца;

При шестидневном обучении – каникулы будут длиться с 26 по 30 марта. Пропущенные часы будут восполнены за счет обучения 26-30 мая.

**Пресс-служба МОиН КР**

# ОКУУЧУЛАРДЫН «ЖҮРӨГҮМДӨ КЫРГЫЗСТАН» АТТУУ ЫР СЫНАГЫ

***Ош шаарында 23-февраль – Ата мекенди коргоочулардын күнүнө арналган "Жүрөгүмдө Кыргызстан" аттуу музыкалык-патриоттук ырларды мыкты аткарган окуучулардын арасында кароо-сынак болуп өттү. Бул тууралуу Ош шаардык билим берүү башкармалыгынан кабарлашты.***

Аталган сынактын шартына ылайык, катышуучулар патриоттук ырларды жандуу үн менен музыкалык аспаптын коштоосунда, ошондой эле минусовканын жардамында аткарышты. Мында 10-14 жаштагы окуучулар өзүнчө, 15-17 жаштагы окуучулар өзүнчө курактык өзгөчөлүгүнө жараша бааланып, жыйынтыгы чыгарылды.

Бул сынак жаш муундун эли-жерине, мекенине болгон сүйүүсүн күчөтүү, жашоого, искусствого болгон кызыгуусун арттырууга жана эл арасындагы жаңы өнөрлүү жаштардын бетин ачуу максатында уюштурулду. Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинде өткөн сынак менен кошо мектеп бүтүрүүчүлөрү үчүн ачык эшик күндөрү уюштурулуп, аталган факультет даярдаган концерттик программалар, мода көргөзмөлөрү жана сүрөт тартуу иш-чарасы менен коштолду.

Сынактын жалпы 97 катышуучусунун ичинен алдыңкы орунду алган окуучулар Ош шаарынын маданият башкармалыгынын атайын дипломдору менен сыйланды.

# МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА МУГАЛИМДЕРИ ҮЧҮН СЕМИНАР

***№78 мектеп-гимназиясында Бишкек шаарындагы мектептердин математика жана физика мугалимдери үчүн "Сабактан алган теориялык билимдерин практика менен айкалыштыруу" аттуу семинар болуп өттү.***

Алгач семинар "Электр тогунун аракети", "Сумманын жана айырманын квадратынын жардамы менен көбөйтүүчүлөргө ажыратуу", "Көп бурчтуктар", "Бөлчөктөрдү бөлүүгө карата көнүгүү иштөө" деген темадагы төрт башка ачык сабактар менен башталып, аталган мектептин мугалимдери жана окуучулары келген конокторго интерактивдүү сабактардын үлгүсүн көрсөтүп беришти.

"Бул семинар Билим берүү башкармалыгы тарабынан уюштурулуп, жыл сайын ар кайсы мектептерде өткөрүлүп келет. Быйылкы февраль айындагы семинарды биздин мектеп өткөрүп жатат. Бул жерде ар бир мугалим өзүнүн календардык планынын негизинде ошол күнгө туура келген сабагын өттү", - дейт №78 мектептин директору Музаева Элнура.

Ачык сабактар бүткөндөн кийин бардык катышуучулар жыйындар залында өтүлгөн сабактарга анализ жүргүзүшүп, өз ойлорун, сунуштарын айтышып, уюштуруучуларга ыраазычылыктарын билдиришти. Андан соң 9-10-класстын окуучулары класстан тышкары иш боюнча Физика-информатика методикалык бирикмеси тарабынан даярдалган "Менин кыялымдагы шаар" долбоорун сунушташты. Долбоордо алар өз колдору менен жасаган үйлөрдүн макеттерин тартуулашып, алардын кантип жасалганын жана канча материал коротулганын айтып беришти. Андан сырткары балдар сабактан алган теориялык билимдерин иш жүзүнө ашырган бир канча долбоорлорунун дагы макеттерин көрсөтүштү. Иш-чара сабак өтүү менен гана чектелип калбастан, окуучулар даярдаган ар түрдүү ыр, бийлер менен коштолуп, келген коноктордун маанайын көтөрүштү.

# КЫРГЫЗ КОРЕЙ ДОСТУГУН ДАҢАЗАЛАГАН МЕКТЕП

***19-февралда Чыгыш Жаңы жылына арналган "Кыргыз-корей достугу" аттуу фестиваль Бишкек шаарындагы №2 орто мектебинде өттү.***

Майрамды мектептин директору Чынара Маразыкова бардык катышуучуларды Жаңы жылы менен куттуктап, келген конокторду таанышыруу менен ачып берди. Корей тилин 16 жылдан бери өздөштүрүп келе жаткан бул мектептин таланттуу окуучулары корей тилинде жомокторду, ыр, бийлерди тартуулашып, майрамды шаңга бөлөштү. Окуучулар келген конокторго өздөрүнүн колдору менен жасаган белектерди тартуулашты.

"Жыл сайын бул мектепте Жаңы жыл майрамы өткөрүлүп келет. Корей тилин, маданиятын, тарыхын жылдан жылга мыкты деңгээлде өздөштүрүп жатканы бизди кубандырат. Окуучулар кубануу менен сахнада өз өнөрлөрүн көрсөтүп жатышты. Мектептин директоруна жана бардык катышуучуларга терең ыраазычылык билдирип, мындан ары дагы көптөгөн ийгиликтерди каалайбыз", - деди Бишкек шаарындагы Кореянын Билим берүү борборунун директору Мин Чжен Чин.



# ТҮРК МАДАНИЯТЫНА АРНАЛДЫ

***Түркиянын Бишкектеги Элчилигинин маданият жана маалымат бөлүмү тарабынан "Түркияны таануу" иш-чарасы өткөн жумада «Бишкек парк» соода борборунда өттү.***

Иш-чарада Түрк дүйнөсүнүн оркестри менен поп-оркестрдин коштоосунда көрүүчүлөрдүн жүрөгүнөн түнөк тапкан ырлар, элдик бийлер аткарылып, Кыргызстандын белгилүү ырчылары Гүлзада Рыскулова, Юлия Руцкая, Аскат Мусабеков жана Турдакун Ниязалиевдин мукам үндөрү иш-чаранын көркүнө көрк кошту. Муну менен катар Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин, Түрк тилин үйрөтүү борборунун (ТТЕЦМЕR), Кыргыз-Түрк Анадолу кесиптик кыздар лицейи, Кыргыз-Түрк Анадолу лицейи жана Бишкек-Түрк мектебинин окутуучулары, мугалимдери жана окуучулары тарабынан даярдалган концерттик программа тартууланды.

– Түркия Кыргызстандын эгемендигин тааныган биринчи мамлекет болуп саналат. Жыйырма жылдан ашуун убактан бери Кыргыз-Түрк «Манас» университети эки мамлекеттин ортосундагы алтын көпүрө болуп келе жатат. Биздин бүгүнкү максат Түркиянын маданиятын, окуу жайларын кыргызстандыктарга таанытуу, алар тууралуу маалымат берүү анан жөн гана элге жакшы маанай тартуулоо болуп саналат, - дейт КМТУнун ректору Себахаттин Балжы.

# ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ КЫРГЫЗ ТИЛИН КОМПЬЮТЕРЛЕШТИРЕТ

***20-февралда Улуттук илимдер академиясында кыргыз тилин компьютерлештирүү жана андагы кейгейлер талкууга алынды.***

Бул тармакта иш жүргүзүп келе жаткан адис, "Тамга-КИТ" программасынын автору, компьютердик инженер Эмил Асанов кыргыз тилин компьютерлештирүүдөгү көйгөйлөр, мамлекеттик тилге тийиштүү дагы кошумча программаларды иштеп чыгуунун жолдору тууралуу айтып берди. Андан сырткары КР УИАнын Борборлоштурулган илимий китепканасына компьютердик калыпка салынып даярдалган материалдарды киргизүү сунушун айтты.

Академиянын президенти Мурат Жуматаев академия учурда актуалдуу болуп турган бул маселени колдоорун, аны ишке ашыруу үчүн кадамдуу пландарды түзүп, илимий долбоор менен иш баштаса болорун белгилеп: "Коомдук илимдерге кирген Тил жана адабият, Тарых жана маданий мурас, Философия институттары кыргыз тили боюнча кыйынчылыктарга көбүрөөк тушугууда. Санариптештирүү мезгил талабы болгондуктан, акырындап кадам шилтей берсек, биздин долбоор бир нече жылда ишке ашып калышы толук мүмкүн", - деди.

Филология илимдеринин кандидаты Нурзина Ыйсаева Э.Асановдун программасынын колдонуу чөйрөсүнүн тар болуп жаткандыгынын бирден-бир себеби – жаштардан сырткары, орто жана улуу муундун компьютерди жаңыдан өздөштүрүп баштаганында экендигин, эми заман талабына жараша жакынкы 5-6 жылда бул программага суроо-талаптын өсөөрү талашсыз экендигин баса белгиледи.

**Даярдаган Ч.КИЙИЗБАЕВА**

# ОШМУНУН СТУДЕНТТЕРИ ИСПАНИЯДАН БИЛИМ АЛЫШАТ

***21-февралда ОшМУнун төрт студенти Испаниянын Кадис университетинен бир семестр билим алып келүү үчүн жөнөп кетишти.***

Испанияга кеткен студенттер атайын конкурстун негизинде тандалып алынды. Аларды 19-февралда окуу жайдын ректору Каныбек Исаков кабыл алып, алар менен пикир алышкан. Анда ректор акыркы учурда ОшМУда тышкы жана ички академиялык мобилдүүлүктүн кулачы кеңейип, жакшы жолго коюлуп, системалуу иш жүзүнө ашып жаткандыгына токтолгон жана студенттерге кең дүйнөдө билим жолун улоого өзгөчө шарттар түзүлүп, түрдүү программалар, долбоорлор аркылуу билим алмашууга мүмкүнчүлүктөр арбын экендигин белгилеп, сапарлары байсалдуу болуп, ийгиликтүү окуп келүүлөрүн каалаган.

Эске салсак, ОшМУ Испаниянын Кадис университети менен Эразмус+ программасындагы эл аралык кредиттик мобилдүүлүк багытында үч жылдан бери кызматташып келет. Бул программанын алкагында ОшМУнун 10го жакын студенти билим алып келишсе, бир нече окутуучулар тажрыйба бөлүшүп келишкен. 2017-2018-окуу жылынын 1-жарым жылдыгында жалпысынан 256 студент сырткы жана ички академиялык мобилдүүлүктөн өтүштү.